Кабыл алынды

№ 1 пед.кеңешме

“ 08 ” 28 2022

Бекитемин

Мектеп директору

Кулматова Дж.К.

**Мектептин усулдук бирикмелери жөнүндө жоболор**

## 1. Жалпы жоболор.

1.1. Усулдук бирикме жалпы билим берүүчү уюмдук усулдук кызматынын мугалимдерди билим берүү предметтери, билим берүү тармагы, тарбия иштеринин түрлөрү боюнча бириктирүүчү түзүмдүк бөлүгү болуп саналат.

1.2. Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү боюнча алкактык улуттук куррикулумунда сунушталган билим берүү тармактарына караштуу предметтерден сабак берүүчү үчтөн кем эмес мугалим бар болгондо түзүлөт. Мектептин шартын эске алуу менен төмөндөгүдөй 3 усулдук бирикме түзүлдү:

1) Башталгыч класстардын мугалимдеринин УБ
2) Гуманитардык УБ
3) Так илимдер УБ
4) Эстетикалык УБ

Усулдук бирикмеге иш тажрыйбасы бай, чыгармачыл мугалим башчылык кыла алат.

1.3. Иштин негизги багыттарын уюмдардын усулдук кеңеши бекитет.

1.4. Усулдук бирикмелердин мүчөлөрүнүн саны директордун буйругу менен бекитилет.

1.5. Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучуларды тийиштүү билим берүү тармагындагы предметтер боюнча даярдайт.

1.6. УБ окуу – тарбия завучунун көрсөтмөсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат. Усулдук бирикмелер завучка түздөн- түз баш ийишет.

## 2. Мектептин усулдук бирикмесинин максаттары.

2.1. Мугалимдердин кесиптик камылгасын,чеберчилигин арттыруу, жаш мугалимдердин кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү.

2.2. Инсанды калыптандыруу.

2.3. Мугалимдердин педагогикалык ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо.

## 3. Мектептин УБ милдеттери.

3.1. Мектеп деңгээлинде жоболорду иштеп чыгуу.

3.2. Жекече иш пландарды бекиртүү.

3.3. Предметтин окутулуш абалына талдоо жүргүзүү.

3.4. тийиштүү тематика боюнча сабактарга катышуу.

3.5. Алдынкы педтажрыйбаны иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу.

3.6. Предмет боюнча эксперименттик иш жүргүзүү.

3.7. Окуучулар менен предмет боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруу.

3.8. Кесиптик чеберчиликти жогорулатуу.

## 4. УБнин аткарган кызматтары.

4.1. Отурумду өткөрүү.

4.2. Ачык сабактарды өткөрүү.

4.3. Кошумча төлөмданыктоо үчүн комиссия түзүү.

## 5. УБ ишин уюштуруу.

5.1. УБге жетекчи шайлоо.

5.2. Иш план жыл башында бекитилет.

5.3. УБ 4төн кем эмес отурум өткөрөт, протокол түзөт, токтом кабыл алат.

5.4. Семинарлар өткөрүлөт.

5.5. Жыл аягында завучУБнин ишине баа берет.

## 6. УБнин иш кагаздары.

6.1. УБ ачуу жөнүндө буйрук.

6.2. УБнин төрагасын дайындоо жөнүндө буйрук.

6.3. УБ жөнүндө жобо.

6.4. Мугалимдердин милдеттери.

6.5. УБ ишинин ар айлык планы.

6.6. УБ мугалимдери жөнүндө маалымат банкы.

6.7. Календардык-тематикалык пландоо.